**Авазов Э.А., Саркарова Д.М.**

# ПРОФЕССОР Т. КЕНЕНСАРИЕВДИН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Авазов Э. А., Саркарова Д. М.**

# ОТРАЖЕНИЕ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ РОССИЙСКОЙ ИМПЕРИИ В ТУРКЕСТАНЕ В ИССЛЕДОВАНИЯХ ПРОФЕССОРА Т.КЕНЕНСАРИЕВА

**Avazov E.A, Sarkarova D.M.**

# THE REFLECTION OF THE ECONOMIC POLICY OF THE RUSSIAN EMPIRE IN TURKESTAN IN THE RESEARCH OF PROFESSOR T. KENENSARIEV

**УДК: 945.743:8038**

***Аннотация.***Россия империясынын экономикалык саясаты падышачылык доордон бери постсоветтик Борбордук Азия өлкөлөрүнүн тарыхында изилденип келе жаткан маселелердин бири болуп саналат. Бүгүнкү эгемендүүлүктүн шарттарында тарых илиминдеги мурда колго алынбаган же би бир беткей баа берилген тарыхый окуяларды жана кубулуштарды карап чыгууга мүмкүн болууда.Алардын бири падыша өкмөтүнүн Түркстандагы экономикалык саясаты болуп саналат.Советтик мезгилде аталган маселени изилдөөдө анын прогрессивдүү жыйынтыктарына басым жасалган.Макалада белгилүү тарыхчы Ташманбет Кененсариевдин Орус империясынын Түркстандагы колониялык доордогу саясатынын экономикалык аспектилерине арналган эмгектерине тарыхый сереп берилген. Автордун региондогу экономикалык саясат боюнча изилдөөлөрүнө көңүл бурулат. Автордун пикири боюнча, монархия менен Түркстанда жаңыдан калыптанып жаткан буржуазиянын кызыкчылыктарынын ортосундагы карама-каршылыктар күчөгөн. Натыйжада өнөр жайдын бир тараптуу өнүккөндүгү белгиленет.

**Ачкыч сөздөр:** Профессор Т.Кененсариев, изилдөө, Россия империясы, Түркстан,экономикалык саясат.

***Аннотация.***Экономическая политика Российской империи - один из вопросов, изучаемых в истории постсоветских стран Центральной Азии с царских времен. В условиях современного суверенитета становится возможным рассмотреть те исторические события или явления, которые ранее не изучались или неоднозначно оценивались в исторической науке. Одним из них является экономическая политика царского правительства в Туркстане. В советский период при изучении данного вопроса акцент делался на его прогрессивные результаты.В статье дан историографический обзор работ известного историка ТашманбетаКененсариева, посвященных экономическим аспектам политики Российской империи в Туркестане в колониальную эпоху. Основное внимание уделено исследованиям автора в области экономической политики в регионе . По мнению автора, обострились противоречия между монархией и формирующейся в Туркестане буржуазией. В результате отмечается одностороннее развитие промышленности.

***Ключевые слова:*** профессор Т. Кененсариев, исследование, Российская империя, Туркестан, экономическая политика.

***Annotation***.The economic policy of the Russian Empire is one of the issues studied since tsarist times in the history of post-Soviet Central Asian countries. In the context of modern sovereignty, historical science can consider historical events or phenomena that have not been previously studied or ambiguously evaluated.One of them is the economic policy of the tsarist government in Turkestan. During the Soviet period, when studying this issue, the emphasis was placed on its progressive results. The article presents a historical review of the works of the famous historian TashmanbetKenensariev devoted to the economic aspects of the policy of the Russian Empire in Turkestan in the colonial era. The main attention is paid to the author's research on economic policy in the region. According to the author, the contradictions between the monarchy

and the emerging bourgeoisie in Turkestan intensified. As a result, industrial development became one-sided.

***Keywords:*** Professor T. Kenensariev, research, Russian Empire, Turkestan, economic policy.

Түркстандын тарыхы боюнча XIX кылымдын 20-30-жылдарында орус саякатчыларынын жана изилдөөчүлөрүнүн эмгектери жарык көрө баштаган. Бул учурду чөлкөм толук бойдон империянын курамына кире элек мезгил болчу. Ага карабастан чөлкөмдүн жаратылышы, кен байлыктары, суу ресурстары боюнча айрым саякатчылардын, экспедиция өкүлдөрүнүн маалыматтары жарык көрө баштаган. Англо-орус атандашуусунун шарттарында бул жагдайдын изилдөөгө алуу маанилүү болгондугу талашсыз. Профессор Т.Кененсариев бул жагдага мындайча баа берген: "Жаңы дооордогу изилдөөчүлөрдүн эмгектери мазмуну жагынан эки чон проблемага арналып жазылгандыгын байкоо анча кыйын эмес. Биринчиси — Орусиянын тышкы саясатына жана анын орчундуу бөлүгү болгон «чыгыш маселесине», англо-орус атаандашуусуна арналып жазылган эмгектер. Бул изилдөөлөрдө Орусиянын Чыгышка, Түркстанга карай жылуусунун себептери, орус—чыгыш соода байланыштары жана чөлкөмдөгү англо-орус карым-катнашы айтылат. Илимий иштердин экинчилеринде жалпы эле Түркстанды басып алуунун жүрүшү изилденген[1, 7]." Автор белгилегендей көптөгөн авторлор Россиянын Түркстанга жылуусунун мотиви катары англо-орус атаандаштыгын белгилешкен."Көп убакыттардан бери Орто Азияда уланып келе жаткан англо-орус атаандашуусу, Кашкар менен мамиленин курчушунун шарттарында орус калктарынан Түркстандагы чек ара аймактарында таяныч түзүү багытындагы ой-пикирлер оторлоштурууну активдештирүүгө түрткөн"[2,173].

XIX кылымдын 90-жылдары Түркстан чөлкөмүндө пахтачылык менен жибекчиликке жана ирригация маселелерине арналган өзүнчө эмгектер жарык көрө баштаган. Белгилей кетсек Түркстанды өздөштүрүү аркылуу экономикалык пайда табуу жаатында ар кандай кесип ээлеринин да изилдөөлөрү жаралган. Алсак, алардын арасында белгилүү журналист И.И. Гейер[3], аграном А.Шахназаров[4], экономистС.И. Гулишамбаров[5]ж.б. болгон.

Советтик тарыхчылардын Орто Азиядагы капитализмге карата көз карашы түрдүү болгон. Бул мезгилде Түркстандагы тарых мектебинин негизги өкүлдөрү П.Г. Галузо[6], В. Лаврентьев[7] жана башкалар болгон. Алар орус капитализмин Орто Азияга алып келүү маселесин талдап, көпчүлүк учурда социалисттик көз караштты чагылдырышкан. П. Галузо түркстандык буржуазиянын ордун жана анын жигердүү өнүгүүсүн колдоп, орус империясынын башкаруусун катаал сынга алган В.Л. Лаврентьев Түркстанда ички рыноктун өногүшү менен шаар калкынын санынын өскөндүгүн белгилеген. Анын маалыматына караганда Түркстандын шаарлардагы калкы 1897-жылдан 1914-жылга чейин 58,4%ке өскөн[7,14].

Советтик тарыхнаамада төрт негизги мектеп калыптанган. Алар: 1) соодалык капитализмдин үстөмдүгү (Г. Сафаров жана башкалар); 2) аймакта өнөр жай капитализминин үстөмдүгү (В. Лаврентьев); 3) "аралаш" экономиканын жактоочулары (А. Аминов, А. Юлдашев); 4) Түркстан аймагында капитализмдин болгондугун четке каккандар.Маселенин тарыхнаамасына токтолууда алгачкы изилдөөлөр 1920-40-жылдарды камтыгандыгын белгилөөгө болот. Бул мезгилде Түркстандагы тарых мектебинин негизги өкүлдөрү капитализмдин Орто Азияга жайылышын талдап, көпчүлүк учурда социалисттик көз караштты чагылдырышкан. Изилдөөлөлөрдүн кийинки этаптары 1950-1970-жылдарга туура келет. Бул мезгилде Орто Азиянын Россияга кошулуусунун «прогрессивдүүлүгү» таризинде изилдөөлөр жарык көргөн. Бул көз караште негизги ролду социалисттик экономика өлкөнүн өнүгүүсүнө "жакшы" таасир эткендиги жана ошол кездеги колониялык башкаруунун зыяндуу жагы баса белгиленген. Советтик мезгилдин соңундагы орто азиялык экономикалык тарыхчылар Түркстандын экономикасын кеңири изилдеп, аймактагы башкаруунун катачылыктарын сынга алышкан. Жалпылап айтканда советтик доордо падышачылыктын Түркстандагы экономикалык саясаты капитализмдин кеңири жана терең өнүгүүсү деген аныктаманын алкагында каралган жана аталган чөлкөмдүн

сырьелук база болгондугу, империалистердин табийгый ресурстарды талап тоногондугу тууралуу пикирлер үстөмдүк кылган.

Аталган маселени изилдөө учурда да улантылып келүүдө. Кыргыз тарыхнаамасында бул багытта жигердүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулардын катарына белгилүү профессор Т. Кененсариевди кошууга болот. Анын илимий изилдөөлөрүнүн көпчүлүгү Фергана өрөөнүнүн тарыхына багышталган. Ал 1984-жылы 18-майда Москва шаарында москвалык профессор Нина Степановна Киняпина жетекчилиги алдында "Экономическая политика царского правительства в Киргизии в конце XIX - начале XX вв." ("XIX кылымдын акырындагы - XX кылымдын башындагы падышалык өкмөттүн Кыргызстандагы экономикалык саясаты") деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Ал эми докторлук ишин 1998-жылы “Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясий өнүгүүсү",- деген темада жактаган.

Т.Кененсариев жаңы доордогу тарых боюнча белгилүү адис катары Кокон хандыгынын жана падышалык өкмөтүнүн мезгилиндеги тарыхый өнүгүүнүн экономикалык аспектилерин кеңири изилдөөгө алган. Автордун мындай изилдөөлөрүнүн бири падыша өкмөтүнүн Кыргызстандагы экономикалык саясатына арналган. Бул эмгекте Т. Кененсариев империялык экономикалык саясаттын алкагында жер маселеси боюнча саясатын эки этапка бөлүп караган этаптарга бөлүп караган.Анын пикири боюнча биринчи этапта1867-жылдан 1886-жылдар аралыгындагы Түркстандагы жер саясатына даярдык көрүү жана аны биротолоиштеп чыгуусу ишке ашырылган. Экинчи этап 1886- 1917-жылдарды камтыйт. Мында Кыргызстандын отурукташкан аймактарындагы жер-салык системасы, бийликтин көчмөндөрдүн жер ээликтерине каратамамилеси чагылдырылган [8].“1886-жылы “Түркстан крайын башкаруу жөнүндөгү Жобо иштелип чыккандан кийин Туркстандагы бош жаткан жерлерге кедгиндерди, биринчи кезекте, запастагы төмөнкү чиндегилерди жайгаштыруунун мыйзамдык чектери белгиленген”[9,4]. Изилдөөнүн кийинки баптарында падышачылыктын Кыргызстандагы көчүрүү саясатынын ишке ашырылышы, келгиндер маселесиин абалы жана соода-өнөр жай саясатымаселелеринин айланасындагы урунттуу жагдайлар баяндалган. Автор тарабынан XX к. башында өндүрүш жана казып алуу тармактарында ири капиталисттик ишканалар өнүгө баштагандыгы белгиленген. Автор мындай мисалдарды келтирүү менен «падышачылык жергиликтүү өнөр жайдын өнүгүүсүнөн баш тартпагандыгы менен чийки заттардын булагы катары караган»[8,192],- деген бүтүмгө келген.Ушундай эле пикирди анын шакирттери Э.Авазов менен К.Халматов: »Өнөр жай тарыхынын өткөнүн изилдөө менен капитализмдин өнүгүшүнүн натыйжасында өнөр жайдын өнүгүшүнө карабастан,бул тармакта кайра иштетүү өнөр жайы үстөмдүк кылып, ал сырьену экспортко чыгарган деген тыянак чыгарууга болот.Ал бир жактуу өнүккөн деп айтууга болот. Анын өнөр жайынын ири бөлүгү чийки кызыкчылыктардын негизинде уюштурулган» [10, 111],-деп белгилешкен.

Автор бир топ изилдөөлөрүндө падыша өкмөтүнүн колониялык саястындагы орусташтыруу принцибинин жетекчиликке алынгандыгын жана капитализмдин кеңири өнүгүшү жараянынын көрүнүшү катары Россиянын аймактарынан тургундарды улуттук чет жакаларга көчүрүү саясатын, келгиндер маселесин белгилеген. Маалым болгондой П.А. Столыпиндин 1905-1906-жылдардагы агрардык реформасында да ушундай максаттар коюлган. “Реформанын рычагы дыйкандарды жерге жайгаштыруу, оторлоштуруу жараяны менен коштолгон иш-аракеттер болгон. Столыпиндик өкмөттүн мына ушундай комплекстүү иш чаралары Түркстандын жергиликтүү калкын, мейли чарбалык, мейли саясий же маданий турмушунда болсун орусташуусун күчөтүүгө алып келмек” [2,174].

Жогоруда белгиленгендей Т.Кененсариевдин бир катар изилдөөлөрү падышачылыктын орус тектүү калктардын Россиянын борбордук аймактарынан Түркстанга көчүрүү саясатына арналган. «XlX кылымдын аягында Сибирдеги жер фонду оторлоштуруу үчун жетишсиз болуп, , жаңы курс Түркстанга багытталган. Түркстандагы колониялык саясаттын принциптери анын башында белгиленгендей, ошол эле бойдон калган, биок, жергиликтүү шартка байланыштуу айрым өзгөчөлүктөрү болгон»[9,4].Автор

Кыргызстандагы жер маселесинин курчуп кетиши, 1916-жылдагы улуттук- боштондук көтөрүлүшүнүн негизги өбөлгөсү болуп эсептелет деген жыйынтыкка келген.

Анын соңку эмгектеринин бири “Кыргызстан оторчулук доорунда” деп аталган көлөмдүү эмгеги болду. Анын “Орусиянын Кыргызстандагы экономикалык саясаты” деген бөлүгүндө “жер маселесинин чечилиши”, “Орусиянын оторлоштуруу саясаты”,”кыргыздардын отурукташуусу” жана “колониялык экономика” деген бөлүмдөр орун алган. Автор: “Кыргызстандын Орусия империясынын курамында калышы жана анын колониялык мамилелердин алкагында болушу, бул жердеги экономикалык мамилелердин акырындап болсо да рынок шарттарына карата трансформациялана башташына алып келген”[11, 387-388], деген тыянакка келген. Автордун пикиринде падышачылыктын кызыкчылыгы менен жаңыдан калыптанып келе жаткан ишкерлик буржуазиянын карама каршылыгы күч алган. Мындан улам чет элдик инвестицияга тыюу салынып, өнөр жай бир жактуу өнүккөн. Т.Кененсариевдин изилдөөлөрү боюнча бири нече эмгектер жаралып жатат. Анын ичинде Г.С.Токоева менен биргеликте жарыкка чыккан эмгекти белгилей кетүү керек [12]. Келечекте окумуштуу жөнүндөгү изилдөөлөр уланат деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Кененсариев Т Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70- жылдарындагы саясый өнүгүүсү. Бишкек,- 2009.- 7-б.
2. Авазов Э.Фергана өрөөнүндөгү падышачылыктын көчүрүү саясатынын ишке ашырылуусунун негизги этаптары. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. № 12. 173-б.
3. Гейер И.И. Весь Русский Туркестан / / И.И. Гейер. — Ташкент : С.Р. Конопка, 1908. С.
4. Шахназаров А.И. Сельское хозяйство Туркестана. М. : Тип. В. Киршбаума, 1908. 512 с.
5. Гулишамбаров С.И. Экономический обзор Туркестанского района, обслуживаемого Средне-Азиатской железной дорогой.-Асхабад, Электропеч. З.Д. Джаврова, 1913. – 588с.
6. Галузо П.Г. Туркестан - колония(Очерк истории колониальной политики русского царизма в Средней Азии) — Ташкент : Гос. изд-во УзССР, 2-е изд., испр. и доп.. 1935. — 222 с
7. Лаврентьев В.И. Капитализм в Туркестане (Буржуазная колонизация Средней Азии). - М.:Изд. Коммунистической Академии, 1930. - с.14
8. Кененсариев Т. Экономическая политика царского правительства в Кыргызстане во 2- й половине 19 – начала 20 вв. Б.: 2009. 11-12-б.
9. Авазов Э. Падышачылыктын Фергана өрөөнүндөгү оторлоштуруу саясаты жана орус кыштактарынын пайда болушу//ЖАМУнун жарчысы.- 2013.-№1(27). С.4
10. Авазов Э.А., Халматов К.А. Состояние промышленности Ферганской долины в конце XIX –начале XX вв.// материалы международной научной конференции, посвященной 90-летию со дня открытия Туркестано-Сибирской железной дороги. Барнаул, 2020. С. 111.
11. Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917). Бишкек.: Maxprint, 2019. 387-388.
12. Токоева, Г. С., Авазов . Э. А. Вклад кыргызского ученого Ташманбета Кененсариева в изучение истории Кокандского ханства / Г. С. Токоева, Э. А. Авазов // Россия и Восток. К 300-летию СПбГУ : Материалы XXXII Международного конгресса по источниковедению и историографии стран Азии и Африки, Санкт-Петербург, 26–28 апреля 2023 года / Отв. редакторы: Н.Н. Дьяков, А.О. Победоносцева Кая, П.И. Рысакова. – Санкт-Петербург: Русская христианская гуманитарная академия им. Ф.М. Достоевского, 2023. – С. 236-238. – EDN YBWDCK.